# ОШ МАМЛЕКЕТТИК УНИВЕРСИТЕТИ

Ош шаары

## БУЙРУК

ОшМУнун Окумуштуулар кеңешинде (2023-жылдын 18-сентябрындагы № 1 протокол) негизги маселелерде каралган «Институционалдык жана программалык аккредитациянын IAAR, Ednet агенттиктеринин эксперттик бүтүмдөрүнүн рекомендацияларынын аткаруу планын талкуулоо жана бекитүү» жөнүндө № 2 маселе боюнча төмөндөгүдөй **буйрук кылам:**

1. Билим берүүнүн сапаты жана лицензиялоо департаментинин директору Ж. А. Артыкованын «Институционалдык жана программалык аккредитациянын IAAR, Ednet агенттиктеринин эксперттик бүтүмдөрүнүн рекомендацияларынын аткаруу планын талкуулоо жана бекитүү» жөнүндө маалыматы эске алынсын.

2. 2024-2026-жылдарга профессордук-окутуучулук курамдын илимий-изилдөө иштеринин натыйжаларын андан ары коммерциализациялаштыруу мүмкүнчүлүгү менен ишке ашыруунун планы 2023-жылдын 1-декабрына чейин иштелип чыгарылсын жана планда көрсөтүлгөн мөөнөтүндө ишке ашыруу чараларын көрүү тиешелүү структура жетекчилерге, декандарына, директорлорго милдеттендирилсин. Аткарылышын камсыздоо илимий иштер жана инновациялар боюнча проректор Р. Н. Арапбаевге жүктөлсүн.

3. 2023-2028-жылдарга университеттин маалыматтык билим берүү чөйрөсүн модернизациялоонун (корпоративдик автоматташтырылган маалыматтык экосистемаларды иштеп чыгуунун жана реализациялоонун) планы 2023-жылдын 1-ноябрына чейин иштелип чыгарылсын жана планда көрсөтүлгөн мөөнөтүндө ишке ашыруу чараларын көрүү тиешелүү структура жетекчилерге, декандарга, директорлорго милдеттендирилсин. Аткарылышын камсыздоо санариптик трансформациялоо жана электрондук билим берүү боюнча проректор У. Д. Молдояровго жүктөлсүн.

4. 2023-2028-жылдарга материалдык-техникалык ресурстарды модернизациялоо жана реновациялоо боюнча атайын план 2023-жылдын 15-ноябрына чейин тиешелүү структура жетекчилердин, декандардын, директорлордун катышуусунда иштелип чыгарылсын жана планда көрсөтүлгөн мөөнөтүндө ишке ашыруу чаралары көрүлсүн. Аткарылышын камсыздоо административдик-чарба департаментинин директору А. Т. Зайнидиновго жүктөлсүн.

5. 2024-2026-жылдарга университеттин инновациялык өнүгүү планы инновациялык идеяларды, демилгелерди мотивациялоо, стимулдаштыруу механизмдерин кийирүү менен структура жетекчилердин, декандардын, директорлордун катышуусунда 2023-жылдын 1-декабрына чейин иштелип чыгарылсын жана планда көрсөтүлгөн мөөнөтүндө ишке ашыруу чараларын көрүү тиешелүү структура жетекчилерге, декандарга, директорлорго милдеттендирилсин. Аткарылышын камсыздоо инвестиция жана экономикалык өнүгүү боюнча проректор К. К. Токторовго жүктөлсүн.

6. ISO эл аралык стандарттарынын, кызыкдар тараптардын сунушунун негизинде университеттин сапатты камсыздоо саясаты 2023-жылдын

1-ноябрына чейин кайра каралып, иштелип чыгарылсын жана ишке ашыруу чаралары көрүлсүн. Аткарылышын камсыздоо билим берүүнүн сапаты жана лицензиялоо департаментинин директору Ж. А. Артыковага жүктөлсүн.

7. 2022-2023-окуу жылында аккредитацияланган билим берүү программаларына берилген аккредитациялык агенттиктердин тышкы эксперттик комиссияларынын сунуштарын аткарууга алуунун иш планы 2023-жылдын 25-сентябрына чейин тиешелүү кафедраларда, ПЦКларда иштелип чыгарылсын жана ишке ашыруу чаралары көрүлсүн. Бул чечимдин аткарылышын камсыздоо тиешелүү факультеттердин декандарына, колледждердин директорлоруна милдеттендирилсин. Жалпы көзөмөл билим берүүнүн сапаты жана лицензиялоо департаментинин директору Ж. А. Артыковага жүктөлсүн.

8. Бүтүрүүчүлөрдүн ассоциациясынын ишмердигин жүргүзүүнүн жобосу 2023-жылдын 1-ноябрына чейин кайра каралып иштелип чыгарылсын. Ассоциациянын мүчөлөрүн кабыл алуу жана алардын ортосундагы байланыштарды өркүндөтүү комплекстүү иш-аракеттери үчүн электрондук платформа 2023-жылдын 30-ноябрына чейин иштелип чыгарылсын жана реализациялоо иш-чараларын жүргүзүү бардык факультеттердин декандарына, колледждердин директорлоруна милдеттендирилсин. Бүтүрүүчүлөрдүн базасын үзгүлтүксүз толуктоо, жаңылоо системалуу ишке ашырылсын. Аткарылышын камсыздоо тышкы байланыштар боюнча проректор К. Ш. Аттокуровго жүктөлсүн.

9. Академиялык мобилдүүлүк программалары, сырткы тажрыйба алмашуу программалары боюнча студенттерди, профессордук-окутуучулук курамды маалымдоо иштерин жүргүзүүнүн атайын иш планы 2023-жылдын 1-октябрына чейин ар бир факультетте, колледжде иштелип чыгарылсын жана ишке ашыруу чараларын көрүү декандарга, директорлорго милдеттендирилсин. Жалпы көзөмөлгө алуу тышкы байланыштар боюнча проректор К. Ш. Аттокуровго жүктөлсүн.

10. 2024-2026-жылдарга тобокелчиликтерди башкаруунун формалдуу жол жоболорун, кесепеттерин алдын алуу, мүмкүнчүлүктөрдү издөө багытында комплекстик иш план 2023-жылдын 15-ноябрына чейин иштелип чыгарылсын жана ишке ашыруу чаралары көрүлсүн, аткарылышын камсыздоо инвестиция жана экономикалык өнүгүү боюнча проректор К. К. Токторовго жүктөлсүн.

11. 2022-2023-окуу жылында аккредитацияланган билим берүү программаларына берилген аккредитациялык агенттиктердин бүтүмдөрүн, Ош мамлекеттик университетин институционалдык аккредитациялоонун жыйынтыгы менен тышкы эксперттик комиссиясынын эксперттик бүтүмдөрүн аткарууга алуу максатында түзүлгөн комплекстүү иш план бекитилсин жана иш планда көрсөтүлгөн мөөнөттө ишке ашыруу чараларын көрүү тиешелүү структура жетекчилерине милдеттендирилсин. Бул чечимдин аткарылышын жалпы көзөмөлгө алуу окуу иштери боюнча проректор Н. К. Омуровго жүктөлсүн.

*Негиз: Окумуштуу катчынын билдирүүсү, ректордун сунушу*

ДОКУМЕНТ ПОДПИСАН ЭЛЕКТРОННОЙ ПОДПИСЬЮ
Распоряжение ОшГУ №19-р/21 от 12.05.2021

**ОшМУнун ректору,**
**профессор** **К. Г. Кожобеков**

# ОШ МАМЛЕКЕТТИК УНИВЕРСИТЕТИ

Ош шаары

**ОшМУнун Окумуштуулар кеңешинин 2023-жылдын 18-сентябрындагы № 1 жыйынынын**

## ТОКТОМУНАН КӨЧҮРМӨ

**Күн тартиби:**

**2.** Институционалдык жана программалык аккредитациянын IAAR, Ednet агенттиктеринин эксперттик бүтүмдөрүнүн рекомендацияларынын аткаруу планын талкуулоо жана бекитүү

**УГУЛДУ:** ОшМУнун билим берүүнүн сапаты жана лицензиялоо департаментинин директору, физика-математика илимдеринин кандидаты, доцент Ж. А. Артыкова «Институционалдык жана программалык аккредитациянын IAAR, Ednet агенттиктеринин эксперттик бүтүмдөрүнүн рекомендацияларынын аткаруу планын талкуулоо жана бекитүү» маселе менен тааныштырып, айтылган сунуштардын негизинде Окумуштуулар кеңеши төмөндөгүдөй **чечим кылат:**

1. Билим берүүнүн сапаты жана лицензиялоо департаментинин директору Ж. А. Артыкованын «Институционалдык жана программалык аккредитациянын IAAR, Ednet агенттиктеринин эксперттик бүтүмдөрүнүн рекомендацияларынын аткаруу планын талкуулоо жана бекитүү» жөнүндө маалыматы эске алынсын.
2. 2024-2026-жылдарга профессордук-окутуучулук курамдын илимий-изилдөө иштеринин натыйжаларын андан ары коммерциализациялаштыруу мүмкүнчүлүгү менен ишке ашыруунун планы 2023-жылдын 1-декабрына чейин иштелип чыгарылсын жана планда көрсөтүлгөн мөөнөтүндө ишке ашыруу чараларын көрүү тиешелүү структура жетекчилерге, декандарына, директорлорго милдеттендирилсин. Аткарылышын камсыздоо илимий иштер жана инновациялар боюнча проректор Р. Н. Арапбаевге жүктөлсүн.
3. 2023-2028-жылдарга университеттин маалыматтык билим берүү чөйрөсүн модернизациялоонун (корпоративдик автоматташтырылган маалыматтык экосистемаларды иштеп чыгуунун жана реализациялоонун) планы 2023-жылдын 1-ноябрына чейин иштелип чыгарылсын жана планда көрсөтүлгөн мөөнөтүндө ишке ашыруу чараларын көрүү тиешелүү структура жетекчилерге, декандарга, директорлорго милдеттендирилсин. Аткарылышын камсыздоо санариптик трансформациялоо жана электрондук билим берүү боюнча проректор У. Д. Молдояровго жүктөлсүн.
4. 2023-2028-жылдарга материалдык-техникалык ресурстарды модернизациялоо жана реновациялоо боюнча атайын план 2023-жылдын 15-ноябрына чейин тиешелүү структура жетекчилердин, декандардын, директорлордун катышуусунда иштелип чыгарылсын жана планда

көрсөтүлгөн мөөнөтүндө ишке ашыруу чаралары көрүлсүн. Аткарылышын камсыздоо административдик-чарба департаментинин директору А. Т. Зайнидиновго жүктөлсүн.

5. 2024-2026-жылдарга университеттин инновациялык өнүгүү планы инновациялык идеяларды, демилгелерди мотивациялоо, стимулдаштыруу механизмдерин кийирүү менен структура жетекчилердин, декандардын, директорлордун катышуусунда 2023-жылдын 1-декабрына чейин иштелип чыгарылсын жана планда көрсөтүлгөн мөөнөтүндө ишке ашыруу чараларын көрүү тиешелүү структура жетекчилерге, декандарга, директорлорго милдеттендирилсин. Аткарылышын камсыздоо инвестиция жана экономикалык өнүгүү боюнча проректор К. К. Токторовго жүктөлсүн.

6. ISO эл аралык стандарттарынын, кызыкдар тараптардын сунушунун негизинде университеттин сапатты камсыздоо саясаты 2023-жылдын 1-ноябрына чейин кайра каралып, иштелип чыгарылсын жана ишке ашыруу чаралары көрүлсүн. Аткарылышын камсыздоо билим берүүнүн сапаты жана лицензиялоо департаментинин директору Ж. А. Артыковага жүктөлсүн.

7. 2022-2023-окуу жылында аккредитацияланган билим берүү программаларына берилген аккредитациялык агенттиктердин тышкы эксперттик комиссияларынын сунуштарын аткарууга алуунун иш планы 2023-жылдын 25-сентябрына чейин тиешелүү кафедраларда, ПЦКларда иштелип чыгарылсын жана ишке ашыруу чаралары көрүлсүн. Бул чечимдин аткарылышын камсыздоо тиешелүү факультеттердин декандарына, колледждердин директорлоруна милдеттендирилсин. Жалпы көзөмөл билим берүүнүн сапаты жана лицензиялоо департаментинин директору Ж. А. Артыковага жүктөлсүн.

8. Бүтүрүүчүлөрдүн ассоциациясынын ишмердигин жүргүзүүнүн жобосу 2023-жылдын 1-ноябрына чейин кайра каралып иштелип чыгарылсын. Ассоциациянын мүчөлөрүн кабыл алуу жана алардын ортосундагы байланыштарды өркүндөтүү комплекстүү иш-аракеттери үчүн электрондук платформа 2023-жылдын 30-ноябрына чейин иштелип чыгарылсын жана реализациялоо иш-чараларын жүргүзүү бардык факультеттердин декандарына, колледждердин директорлоруна милдеттендирилсин. Бүтүрүүчүлөрдүн базасын үзгүлтүксүз толуктоо, жаңылоо системалуу ишке ашырылсын. Аткарылышын камсыздоо тышкы байланыштар боюнча проректор К. Ш. Аттокуровго жүктөлсүн.

9. Академиялык мобилдүүлүк программалары, сырткы тажрыйба алмашуу программалары боюнча студенттерди, профессордук-окутуучулук курамды маалымдоо иштерин жүргүзүүнүн атайын иш планы 2023-жылдын 1-октябрына чейин ар бир факультетте, колледжде иштелип чыгарылсын жана ишке ашыруу чараларын көрүү декандарга, директорлорго милдеттендирилсин. Жалпы көзөмөлгө алуу тышкы байланыштар боюнча проректор К. Ш. Аттокуровго жүктөлсүн.

10. 2024-2026-жылдарга тобокелчиликтерди башкаруунун формалдуу жол жоболорун, кесепеттерин алдын алуу, мүмкүнчүлүктөрдү издөө багытында комплекстик иш план 2023-жылдын 15-ноябрына чейин иштелип чыгарылсын жана ишке ашыруу чаралары көрүлсүн, аткарылышын камсыздоо инвестиция жана экономикалык өнүгүү боюнча проректор К. К. Токторовго жүктөлсүн.

11. 2022-2023-окуу жылында аккредитацияланган билим берүү программаларына берилген аккредитациялык агенттиктердин бүтүмдөрүн, Ош мамлекеттик университетин институционалдык аккредитациялоонун жыйынтыгы менен тышкы эксперттик комиссиясынын эксперттик бүтүмдөрүн аткарууга алуу максатында түзүлгөн комплекстүү иш план бекитилсин жана иш планда көрсөтүлгөн мөөнөттө ишке ашыруу чараларын көрүү тиешелүү структура жетекчилерине милдеттендирилсин. Бул чечимдин аткарылышын жалпы көзөмөлгө алуу окуу иштери боюнча проректор Н. К. Омуровго жүктөлсүн.

**ОшМУнун ректору,**
**профессор** **К. Г. Кожобеков**

**Окумуштуу катчы,**
**доцент** **Дж. Ж. Асанбекова**